# ГЛОБАЛДЫК ТАЛАПТА ЖАШТАРДЫ МАДАНИЙ ЖАКТАН ТАРБИЯЛОО ПРОБЛЕМАСЫ

**КАДЫРКУЛОВА Ж.Э.**

***Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети***

УДК 3:303.2

Өлкөнүн маданиятын жана экономикасын өнуктүрүү талабында, эң актуалдуу проблемалардын бири жаштарды тарбиялоо болуп саналат. Бул проблема өлкөнүн маданиятынын төмөндүгүнө, жашоо-турмуштун начарлап кетишине, жумушсуздуктун көбөйүп кетишине байланыштуу.

Жаштарды тарбиялоо проблемасы заманбап адабиятта жана психологияда терен изилденген. Бирок өлкөнүн маданиятынын төмөндүгүнө байланыштуу социологдордун, психологдордун, жана специалистердин аракеттери ото көп кыйынчылыктарга дуушар болушууда.Ал кыйынчылыктарды дагы теренирээк изилдеп, бул проблеманы чечүүнүн дагы эффективдүү жолдорун издеш керек.

Берилген статьяда өспурумдөрдү тарбиялоонун эн башкы максаты жашоо турмуштагы ар кандай далилденген опыттарга таянып жаштарды туура багытка салуу. Глобалдык масштаб боюнча алганда жаштардын башкача айтканда өспурумдөрдүн тарбияланышына кайдыгер мамиле кылуу бул жеке эле экономикалык эмес, моралдык эстетикалык жактан да өтө чон проблема болуп эсептелинет.

Маданият - бул өлкөнүн урабас сепили болуп саналат. Ушуга байланыштуу маданият укум-тукум дардын бири - бирине болгон байланышын жан-дуйнөнүн баалуулугун бекемдейт. Бул коомдун бекемдигине жана өнугүшүнө чоң таасирин тийгизет. Жаштар ар бир учурда ушул коомдун жана маданияттын сакталышында жана өнугүшүнөдө өзгөчө орунду ээлеп келишет.

Бирок бул социалдык группа бир вакуумда жашашпайт жана өздук өнүгүүсү начар система болуп саналып баратат өспүрүмдөр башкача айтканда жаштар социалдык, экономикалык, политикалык жана өзгөчө маданияттып шарттардын таасири астында тарбияланып,өсүшөт. Ошол эле учурда жаштар коп женил ойлуулука алдырышат. Анткени аларга жетишээрлик билим, опыт жана практика болбогондугу өкүндүрөт.

Заманбап жаштардын өзгөчөлөнгөн характери бул жеке эле өлкөнүн жашоосуна салым кошууну каалабагандыгы гана эмес, ал өзүнүн жеке жашоосун да башкара албай жаткандыгында болуп жатат.

Бул көрүнүштөрдүн башкы себептери азыркы заманбап маданияттын төмөндөп бараткандыгында жана дени сак жан - дуйнонун начар жашоосунда катылып жатат. Биз телеэкрандан, газета-журналдардан алып жаткан ар кандай тура эмес информациялар жаштардын психологиясына тескери таасирин тийгизуудө. Анткени көптөгөн ар кандай тескери информациялар реалдуу жашоодон алыстап кеткендигине байланыштуу,биз куткөн идеалдуу образдын «идеалдуулугу» жоголуп баратат өспурумдөр көбунчө өздөрүнүн баатыр жашоо стилине калыптанып жашашат. А бирок ал баатыр тарбия берүү таасири туурабы же туура эмеспи эч кимди ойлондурбайт.

Өтө татаал суроолордун бири болуп өспурүмдөрдү ар кандай музыкалдык жана көркөм окуу жайларга, спорттук клубдарга, китепканаларга жана башка мекемелерге коп баруусуна кантип таасир беруу керек деген суроо. Жаштардын көпчүлүгү мындай мекемелерге такыр барбай да коюшат. Бул жаштардын өзүнүн исскуство менен электенгендигинин каалабагандыгы гана эмес, жогору айтылган мекемелердин аз болуп жаткандыгына жана жаштарга тийишитүү таасир бере албай жаткандыгында болуп жатат. Анткени азыркы учурда клубдар, азарттык оюндар, конул ачуучу мекемелердин көбөйүп кетиши жаштардын жаны өнүгүп келе жаткан кругозорун тескери нукка болуп жатышат. Өлконун, элдин, тилдин жоголуп кетишине коп себептер болот. Буларды алтындай

ардактап сактап калуу жана аны кийинки муундарга өткөрүп беру ар бир патриот жаштардын колунан келе турган иш. Ошого жараша ар бир адам патриот жана маданияттуу болуш керек. Анткени маданияттуулук гана адамды адам кылат!

Жаштарды тарбиялоо проблемасын биз микробаскычта эмес макробаскычта чогуу чечуугө аракеттенишибиз керек. Ошондуктан ар бирибиз өспурумдөрдүн, жаштардын туура тарбияланышына шарт түзүшүбүз керек анткени жаштар биздин келечегибиз!

**Адабияттар:**


1. Пирс Ч.С. Избранные философские произведения. — М.: Логос, 2000. -С. 254
2. Концепция молодежной политики КР до 2020 года. Первая Национальная молодежная конференция «Молодежь в развитии страны» 10 ноября 2008 года.